«Грин Телеком Сервис» ЖЧКнын Башкармалыгынын Төрагасынын 2018-жылдын «17»-июлундагы №7 буйругу менен бекитилген жана колдонууга киргизилген

**«О!Деньги» тутумун колдонууга кошулуу жөнүндө келишим түзүүнүн жалпыга ачык офертасы**

«О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндө келишим түзүүнүн ушул Жалпыга ачык офертасы (мындан ары текст боюнча «**Оферта»)** мындан ары **«Тутумдун Оператору»** деп аталган «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коомунун (КР Улуттук банкынын лицензиялары: 2017-жылдын «03»-августундагы №2021030817 жана №3022030817, жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көчөсү, 170/2 үй, блок 2) 18 (он сегиз) жашка чыккан мындан ары «**Колдонуучу**» деп аталган жеке адамдарга, мындан ары биргелешип аталуучу «**Тараптарга**» «О!Деньги» тутумун (мындан ары «**Тутум**») колдонуу жөнүндө келишим түзүү боюнча жалпыга ачык сунушу болуп саналат.

«О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө келишим (мындан ары **«Келишим»**) Колдонуучу ушул Офертада каралган жана Колдонуучу ушул Офертанын бардык шарттарын эч бир чектөөлөрсүз жана кошулуу шарттарынан баш тартуусуз толук жана милдеттүү кабыл алды (акцепт) дегенди түшүндүргөн кыймыл-аракеттерди жасаган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелинет жана кошулуу келишими күчүнө ээ боло баштайт. Бул Офертаны кабыл алуу (акцепт) боюнча аракеттерди аткарып жатып Колдонуучу өзүнүн 18 жашка чыккандыгын, укуктук жана аракеттик жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле Колдонуучунун Тутумдун Оператору менен келишимдик мамилелерди түзүүгө мыйзамдык укугун жана чектөөлөрдүн жоктугун тастыктайт. Эгер Колдонуучу бул Офертанын шарттары менен толук же бир бөлүгү менен макул эмес болсо, анда Колдонуучу Тутумду пайдалануудан баш тартууга милдеттүү. Келишимдин мөөнөтү чектелген эмес.
Офертанын колдонуудагы версиясы Колдонуучу Офертанын шарттарын кабыл алуу (акцепт) боюнча кыймыл-аракеттерди жасаган учурга чейин милдеттүү түрдө таанышуу үчүн «О!Деньги» мобилдик тиркемесинде жана Тутумдун Операторунун интернет-сайтында http://www.dengi.kg жайгаштырылган. Колдонуучу ушул Оферта боюнча кошумча маалымат, О!Деньги тутумун колдонуу жөнүндө маалымат, Келишимди бузуу, ошондой эле ушул Офертанын шарттары, Тутумдун операторунун кызматтары үчүн Тарифтер менен Тутумдун Операторунун веб-сайтынан http://www.dengi.kg же тел.: + 996 (700) 000 999 боюнча тааныша алат.

**1. Ушул Офертада колдонулчу терминдер жана түшүнүктөр:**

**Абонент –** Байланыш Оператору жана/же Кыргыз Республикасында ишмердүүлүгүн жургүзгөн мобилдик уюлдук байланыш оператору байланыш кызматын көрсөтүү боюнча келишим түзгөн жекежак.

**Абоненттик Номер** – Абонентке байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө Келишимди түзгөндө Байланыш Оператору тарабынан бөлүнүп берилчү номер, ал боюнча абоненттин түзүлүшү телефон тармагына кошулгандыгы ага башка абоненттик түзүлүштөр туташтырылганда далдаштырылат.

**Абоненттик Түзүлүш** — Колдонуучунун мыйзамдуу ээлигинде «О!Деньги» тутумунун иштеши жана колдонулушу үчүн зарыл болгон минималдуу техникалык талаптарга жооп берген, Колдонуучуга Байланыш Операторунун кызматтарына ушул аяккы жабдыкты, анын ичинде персоналдык компьютерди Байланыш операторунун тармагына туташтыруу аркылуу кирүүнү камсыз кылуучу тастыкталган колдонуучулук жабдык.

**Аутентификация**, **Авторлоштуруу** – Колдонуучунун атынан дал ошол өзүн билдирип жаткан Колдонуучу кыймыл-аракет кылып жаткандыгын, мындан ары Тутум менен колдонуу ыйгарым укуктарын берүү укуктарын ырастоо процесси.

**Акча каражаттары** – банктарда жана/же башка мекемелерде кассада, эсептешүүдө, валюталык жана башка эсептерде турган сомдук жана/же чет өлкөлүк валюталардагы каражаттар, ошондой эле

ушул Офертанын максаттары үчүн «акча каражаттары», «акча каражаттарын которуу» деп контекстке жана тийиштүү кызматтарды көрсөтүү өзгөчөлүктөрүнө жараша «электрондук акчалар» жана «электрондук акчаларга байланышкан» тийиштүү операциялар да түшүндүрүлүшү мүмкүн.

**Кирүү Коду** – «О!Деньги» тутумунда катталуу процессинде Колдонулуучу тарабынан белгиленүүчү, Колдонуучуну Авторлоштуруу жүргүзүү үчүн дайындалган символдордун уникалдуу топтому.

**Мобилдик Тиркеме** – Колдонуучу үчүн «О!Деньги» тутумун интернетке туташтыруу аркылуу колдонууга уруксат берүүчү Android жана iOS платфомаларындагы мобилдик тиркеме.

**Байланыш Оператору** – «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коом. КР МБА Лицензиялары: №13-1073, №14-1097, №14-1098, №14-1124, №14-1184, №15-1301, №15-1448, №15-1310-КР, №15-1311-КР, №15-1447-КР, №17-0161-КР, №16-0062, №16-0063, №16-0087, жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көчөсү, 170/2 үй, блок 2 (мезгил мезгили менен лицензиялардын курамында жана реквизиттеринде өзгөртүүлөр болушу мүмкүн).

**Тутумдун Оператору** – жалпысынан Тутумдун ишин координациялоо жана камсыздоо функцияларын аткаруучу «Грин Телеком Сервис» ЖЧК.

**Төлөм** – Тутумдун Операторунун кызматтарын көрсөтүү жолу менен каржылык маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм тутуму аркылуу накталай эмес эсептешүүнүн негизинде Колдонуучунун Жабдып туруучунун пайдасына кызматтарды, иштерди, товарларды (анын ичинде аванстык төлөмдү) төлөө боюнча милдеттерди аткаруу максатында жасаган акча каражаттарын өткөрүүсү.

**Колдонуучу** – Тутум Оператору менен ага туташуу менен Келишим түзгөн жана Тутумдун 2-бөлүмүндө көрсөтүлгөн максаттарга ылайык колдонуу укугуна ээ болгон 18 (он сегиз) жашка чыккан, укуктук жана аракеттик жөндөмдүүлүккө ээ жеке жак.

**Жабдып туруучу** – Колдонуучу акча каражаттарын которуучу юридикалык жак же жеке ишкер.

**Төлөөгө Буйрутма –** Колдонуучунун Төлөм жасоо үчүн Тутумдун Катышуучулары жакка Колдонуучунун бир нече тапшырмасын аткарууга макулдугу.

**Төлөм субагенти** – «НУР Телеком» жоопкерчилиги чектелген коом, жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көч., 170/2 үй, блок 2 - Тутумдун Эрежелерине кошулуу жөнүндө билдирген, Тутум Эрежелерине кошулуу Келишимине кол койгон жана Тутумдун Оператору жакка Колдонуучулардан Төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча иштерди жүзөгө ашырган юридикалык жак.

**«О!Деньги» Сайты, Тутумдун Веб-сайты** – «О!Деньги» тутумунун Операторунун Интернет тармагында http://www.dengi.kg дареги боюнча жайгашкан расмий веб-сайты.

**«О!Деньги» тутуму**, **Тутум** - Тутумдун Операторунун, Колдонуучулардын жана Жабдып туруучулардын ортосунда маалыматтык жана технологиялык өз ара аракеттешүүнү камсыз кылуучу «О!Деньги» төлөм тутуму.

**Тариф** – Тутумдун оператору өзүнүн милдеттерин ушул Макулдашуу боюнча аткаруусуна байланышкан Тутумдун операторунун чыгымдарын компенсациялоо жана/же сыйлоо катарында акча каражаттарынын белгилүү бир суммасы.

**Тутумдун катышуучусу –** Тутумдун оператору менен келишимдик мамилелерди белгилеген жана Колдонуучулардан Төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча ишке катышкан жана Тутумдун Оператору менен келишимдик мамиле түзгөн ишкердик ишмердүүлүгүн жүргүзгөн (Жабдып туруучулар, Төлөм субагенттери ж.б. чектөөсүз) юридикалык жак же жеке ишкер же жеке жак.

1.2. Тутумдун Оператору Колдонуучунун жашаган же иштеген жерине баруу менен Мобилдик тиркеменин же башка аппараттык жана программалык камсыздоонун жеке ырастоосун жүргүзбөйт.

1.3. Тутумдун жана/же Мобилдик тиркеменин Веб-сайтындагы бардык тексттик маалымат жана графикалык сүрөттөр Тутумдун Операторунун жана/же анын өнөктөштөрүнүн жеке менчиги болуп саналат. Кайрадан басып чыгаруу, каалаган материалды башка түрдө чагылдыруу Тутумдун Операторунун алдын ала жазуу түрүндөгү уруксатынын негизинде гана мүмкүн. Бул материалдар маалыматтык, коммерциялык эмес же жеке максаттарда гана колдонулушу мүмкүн.

**2. Келишимдин предмети**

2.1. Ушул Келишим «О!Деньги» тутумунун Колдонуучусунун Келишимде белгиленген шарттарда төмөнкү максаттар үчүн колдонуу шарттарын жана тартибин аныктайт:

2.1.1. колдонуучуга электрондук капчыкты берүү;

2.1.2. электрондук акчаларды сатып алуу, электрондук акчаларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган бир капчыктан экинчисине которуу;

2.1.3. электрондук акчаларды банктык эсепке которуу менен төлөө;

2.1.4. накталай эмес которуулар;

2.1.5. Жабдып туруучулардын саткан товарларын, жумуштарын, кызматтарын төлөө.

2.2. Колдонуу максаттарынын көрсөтүлгөн тизмеги толук эмес болуп эсептелинет жана Тутумдун оператору тарабынан бир тараптуу тартипте Тутумдун Веб-сайтында тийиштүү маалыматты Колдонуучуга атайы кабарлоосуз жайгаштыруу жолу менен өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн. Ушул Келишимдин 2.1. пунктунда көрсөтүлгөн тизмеге өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилгенден кийин Колдонуучунун «О!Деньги» тутумун колдонууну улантышы Колдонуучунун мындай өзгөртүүлөргө жана/же толуктоолорго макул экендигин билдирет.

**3. Төлөмдүн баасы жана тартиби**

3.1. Колдонуучу менен эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында – сом менен жүзөгө ашырылат.

3.2. Тутумдун Оператору Колдонуучудан Тариф алууга укуктуу. Тарифтердин өлчөмдөрү, негиздер, шарттар жана аларды төлөө учуру Колдонуучу тарабынан мобилдик тиркемеде жана Тутумдун Веб-сайтында, ошондой эле Төлөмдү жүзөгө ашыруу учурунда көрсөтүлгөн.

3.3. Тариф Төлөмдүн суммасына карата кошумча алынат (Төлөмдүн суммасына кошулбайт жана Төлөмдүн суммасын азайтпайт) жана эч кандай шарттардын негизинде кайтарылбайт.

3.4. Эгер Колдонуучу Тариф менен макул эмес болсо – ал төлөмдү Тескөөнү түзүүдөн баш тартышы керек, мында Колдонуучу бул негиз менен Тутумду колдонуу мүмкүн болбой калгандыгына байланыштуу ага жана/же үчүнчү жактарга кеткен кандайдыр-бир чыгымдарын талап кылууга акысы жок. Колдонуучу Абоненттик Түзүлүштөн жана Колдонуучунун Мобилдик Тиркемесинен жасалган «О!Деньги» Тутумун колдонуунун бардык кесепеттерин жана жоопкерчиликти өзүнө алат. Жогоруда баяндалганга ылайык Колдонуучу жаңылышып Төлөм жасаган учурда кызмат көрсөтүлдү деп эсептелет жана алынган тарифтин суммасы кайтарууга жатпайт.

3.5. Тутумдун оператору бир тараптуу тартипте толугу менен же бир аз Тарифтерди өзгөртүүгө (көбөйтүүгө, азайтууга), жаңыларды белгилөөгө, учурдагы тартифтерди жокко чыгарууга укуктуу. Мында жаңы өзгөртүүлөр көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр Тутумдун Веб-Сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**4. Тутумду колдонуу тартиби**

4.1. Мобилдик тиркемеге же Тутумдун Веб-Сайтына кирүүдө Колдонуучуну авторлоштуруу үчүн Кирүү Коду же Колдонуучунун манжа тагы колдонулат. Колдонуучунун Тутумга Колдонуучу менен ассоциациялаштырыла турган авторлоштуруу каражаттары менен (кирүү коду ж.б. менен чектелбестен) кайрылуусу Тутумдун Колдонуучусу тарабынан колдонулуп жаткандыгын тастыктаган факт болуп саналат, мында Колдонуучу менен ассоциациялаштырылган авторлоштурууу каражаттарын колдонуу менен аткарылган аракеттер Колдонуучу тарабынан аткарылган деп эсептелинет.

4.2. Төлөмдү жүзөгө ашыруу үчүн Колдонуучу Келишимдин шарттарына ылайык төлөөгө Буйрутманы Тутумдун Операторуна өткөрүп берет.

Төлөөгө Буйрутманы түзүү менен – Колдонуучу Төлөмдү аткаруу үчүн Тутумдун Катышуучуларынын тарабына Колдонуучунун шартсыз жана кайтарымсыз тапшырмасын (тапшырмаларын) берет, тагыраак алганда:

4.2.1. Колдонуучу Тутумдун операторуна Колдонуучунун электрондук акчаларын, банктык төлөм картасын,Төлөмдүк Субагент аркылуу алынган Колдонуучунун акча каражаттарын, ошондой

эле мыйзамдуу негизде сарптай ала турган башка акча каражаттарын колдонуу менен Жабдып туруучу менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү тапшыруусу;

4.2.2. Төлөөгө Буйрутманы түзүү Мобилдик Тиркемеде же Тутумдун Веб-Сайтында Төлөм реквизиттеринин талааларын толтуруу жолу менен электрондук түрдө аткарылат, «Төлөө» баскычын басуу же Тутумдун Оператору тарабынан түз көрсөтүлгөн башка кыймыл-аракеттерди жүзөгө ашыруу менен аяктайт. Ошондой эле Колдонуучу 4.2.1.пунктунда саналган төлөө ыкмаларынын бирөөсүн так көрсөтөт. Көрсөтүлгөн баскычты басуу же Тутумдун Оператору түз көрсөткөн башка кыймыл-аракеттерди жүзөгө ашыруу Колдонуучунун төлөөгө Буйрутмасын аткарууга жана мындай Буйрутманын, Төлөмдүн, Тарифтин жана төлөө ыкмасынын бардык шарттарын аткарууга Макулдугун билдирет.

4.2.3. Тутумдун Операторуна алынган акча каражаттарын которуу жолу менен Колдонуучу төлөө ыкмасы катары Төлөм Субагенти аркылуу алынган акча каражаттары менен эсептешүүнү тандаган учурда Жабдып туруучу менен Тутумдун операторунун эсептешүүсү үчүн Колдонуучунун Төлөм Субагентине Буйрутма аркылуу тапшырма берүүсү.

4.3. Колдонуучу Мобилдик тиркемени орнотуп жатканда жана электрондук капчыкты толуктап жатканда ушул Оферта боюнча кызматтарды алуу үчүн керектүү көлөмдөгү электрондук акчаларды сатып алууну жана электрондук капчыкты колдонууну жана алардын которууларын жүргүзүүнү кабыл алат жана макулдугун берет.

4.4. Төлөмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ушул Келишимде жана Тутумдун Операторунун тийиштүү ченемдик документтеринде көрсөтүлгөн, Тутумдун Веб-Сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган башка негиздер боюнча жүргүзүлөт.

4.5. Колдонуучу тарабынан Мобилдик тиркемеде жана же Тутумдун Веб-Сайтында маалыматтарды киргизүү жана «Төлөө» баскычын басуу же Тутумдун оператору түз көрсөткөн башка кыймыл-аракеттерди жүзөгө ашыруу аркылуу Колдонуучу тарабынан түзүлгөн төлөөгө Буйрутма Тараптар тарабынан Колдонуучунун Төлөм жасоо ниетин жана дайындалган төлөөгө Буйрутманын аныктыгын ырастоонун талаптагыдай жана жетиштүү ыкмасы деп таанылат. Кээ бир учурларда Тутумдун Оператору кошумча сыр сөздү талап кылышы мүмкүн, ал Колдонуучунун Абоненттик номерине SMS-билдирүү же Мобилдик тиркеменин билдирүүсү түрүндө жөнөтүлөт.

4.6. Кирүү Коду (же Колдонуучунун манжа тагы) өзүнчө жана/же сыр сөз менен айкалышып жана/же «Төлөө» баскычын басуу менен, Тараптар тарабынан өз колу менен койгон кол тамганын аналогу деп таанылат. Колдонуучунун Кирүү кодун жана/же сыр сөздү жана/же «Төлөө» баскычын басуу менен колдонушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы талаптарга ылайык өз колу менен койгон кол тамгалардагыдай юридикалык кесепеттерди жаратат. Кирүү кодун жана/же сыр сөздү жана/же «Төлөө» баскычын колдонуу аркылуу түзүлгөн бардык документтер Колдонуучунун өз колу менен кол койгон кагаз түрүндөгү документтерге барабар.

4.7. Колдонуучу Тутумдун операторуна Кирүү кодунун/шартбелгинин колдонулушу жана/же аныктыгы, төлөөгө Буйрутмага же башка документке аны Тутумдун операторуна жөнөткөндөн кийин өзгөртүүлөрдү киргизүү фактысы, Оператордун төлөөгө Буйрутманы алуу фактысы тууралуу доо-талаптарын билдирген учурда, Колдонуучу доо-талапка жогоруда көрсөтүлгөн фактылардын бар экендигине тийиштүү далилдерди тиркөөгө милдеттендирилет. Далилдер жетиштүү болгон учурда, Тутумдун Оператору Тутумду колдонуу менен көрсөтүлгөн фактылардын бар экендигине текшерүү жүргүзөт жана билдирилген доо-талаптардын негиздүүлүгү тууралуу чечим чыгарат.

4.8. Төлөмдөрдү жүргүзүү жана/же электрондук капчыктын калдыгын өзгөртүү талашсыз тартипте алдын ала берилген акцепттин негизинде (төлөөгө кошумча Буйрутмасыз) төмөнкүлөргө жүзөгө арылышы мүмкүн:

4.8.1. Колдонуучу тарабынан төлөөгө жаткан Тарифтин суммасына;

4.8.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте электрондук капчыктын калдыгын алуу менен кайрылганда;

4.8.3. электрондук капчыктын жаңылышып жүзөгө ашырылган калдыгын көбөйтүү же азайтуу суммасына;

4.8.4. Келишимдин тийиштүү пункттарындагы негиздемелер боюнча жүзөгө ашырылчу акча каражаттарын кайтаруу суммасына;

4.8.5. Колдонуучу Келишимдин 4.8.3. пунктунда көрсөтүлгөн акча каражаттарынын суммасын

колдонуусунун жыйынтыгында түзүлгөн Колдонуучунун карыз суммасына;

4.8.6. Айрым Жабдып туруучулар же Жабдып туруучулардын айрым кызматтары үчүн «Автотөлөмдү» колдонууга болот, мында Колдонуучу Тутумдун Операторуна Колдонуучунун кийинки кошумча акцептисиз (макулдугусуз) мезгилдүү Төлөмдөргө макул болуу менен, төлөөгө бирден бир Буйрутма жөнөтөт. Автотөлөмдүн мезгилдүүлүгү жана шарттары Тутумдун Веб-Сайтына жайгаштырылат же «Автотөлөмгө» Буйрутма жөнөтүлгөндө Колдонуучу ала турган маалыматта көрсөтүлөт. «Автотөлөм» Колдонуучу тарабынан Мобилдик Тиркемени же Тутумдун Веб-сайтын колдонуу жолу менен өчүрүлүшү мүмкүн.

4.9. Ушул Келишимдин шарттарын кабыл алуу менен, Колдонуучу бир эле убакта Тутумдун Операторуна Келишимдин 4.8 пунктунда көрсөтүлгөн акча каражаттарына жана операцияларга карата алдын ала ушул акцепти берет.

4.10. Колдонуучунун төлөөгө Буйрутмасын Оператор төмөнкү учурларда аткарбайт:

4.10.1. Колдонуучу ушул Келишимдин 5-бөлүмүндө белгиленген чектөөлөрдү сактабаганда;

4.10.2. Жабдып туруучуда байланыш же жооп болбогондо, Тутумдун Операторунда жана/же Жабдып туруучуда жана/же Байланыш Операторунда сураган кызматты көрсөтүү техникалык жактан мүмкүн эмес болгондо;

4.10.3. Колдонуучу төлөөнү ниеттенген кызматтарды Жабдып туруучу тарабынан көрсөтүүгө мүмкүн эмес болгондо;

4.10.4. Тутумдун Операторунда төлөөгө санкцияланбаган Буйрутманы жөнөтүп алуу тобокелдиги бар деген негиздер жаралганда;

4.10.5. Колдонуучуда интернетке кирүү убактылуу жок болгондо же Төлөм тутуму жана/же Тутумдун Оператору жана/же Байланыш Оператору жана/же Жабдып туруучу менен байланыш жок болгондо. Мында тийиштүү мүмкүндүк бар болгондо, Буйрутма/-лар байланышка же интернеттин жоктугуна байланышкан маселе чечтетилгенден кийин, Колдонуучунун Буйрутманы кайталап жөнөтүү зарылдыгы жок аткарылышы мүмкүн.

4.11. Төлөөгө Буйрутманы аткаруу ийгиликтүү болсо, Оператор Колдонуучуга Төлөмдү жүзөгө ашыруунун жыйынтыктары тууралуу SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү жөнөтүү жана/же Төлөм тутумунун билдирүүсү менен, ошндой эле Тутумда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык реквизиттерди камтыган электрондук документти түзүү менен маалымдайт.

4.12. Тутумдун Оператору Колдонуучунун электрондук капчыгынан Жабдып туруучунун пайдасына төлөмдүн суммасын алган учурдан тартып, Колдонуучудан төлөөгө Буйрутманы аткаруу боюнча милдеттерин толук көлөмдө аткарды деп эсептелинет. Мында эгер Жабдып туруучунун тутуму тийиштүү ырастоолорго ээ болсо, Колдонуучунун өздүк эсебине акча каражаттарын эсептөө Жабдып туруучуда убактылуу кечиктирүү менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

4.13. Акча каражаттарын кайтаруу төмөнкү негиздер боюнча мүмкүн:

4.13.1. Төлөмдү Колдонуучу Жабдып туруучунун кызматынан баш тартканда кайтаруу же акча каражаттарын Жабдып туруучудан башка учурларда кайтарууну Жабдып туруучу Колдонуучу Жабдып туруучуга түз кайрылганда жүзөгө ашырат. Жабдып туруучу жана Колдонуучу өз алдынча акча каражаттарын Колдонуучуга кайтаруу тартибин жана ыкмаларын аныктайт. Акча каражаттарын кайтарбоо себептери жөнүндө талаштарды териштирүү Колдонуучу менен Жабдып туруучунун ортосунда Тутумдун Операторунун катышуусуз жүзөгө ашырылат. Бирок, Тутумдун Оператору Колдонуучуга акча каражаттарын кайтарууну жүзөгө ашырууда көмөк көрсөтүүгө укуктуу жана Жабдып туруучу менен өз ара аракеттенүүдө жана Жабдып туруучунун тапшырмасы боюнча акча каражаттарын эсепке кайтарууну жүзөгө ашырышы мүмкүн.

4.13.2. Жокко чыгарылган (ката) төлөмдөрдүн суммаларын кайтаруу. Мурда жаңылышып же техникалык үзгүлтүккө байланыштуу жүргүзүлгөн Төлөмдү жокко чыгарууга байланыштуу, жокко чыгарылган (жаңылыш) Төлөмдөрдү кайтаруу Тутумдун Операторунун же Тутумдун башка Катышуучусунун демилгеси боюнча жүзөгө ашырылат.

4.13.3. Тутумдун Операторунан көз каранды болбогон, кандай негиздер болбосун, анын ичинде акча каражаттарын Жабдып туруучуга берүүгө мүмкүн эмес же Жабдып туруучу аларды алуудан баш тарткан себеби боюнча ийгиликсиз деп таанылган Төлөмдөрдү кайтаруу.

4.14. Колдонуучу Келишимдин 4.13 пунктунда көрсөтүлгөн ыкмалар боюнча анын пайдасына

келип түшкөн акча каражаттар электронук капчыгынын калдыгын кошумча Буйрутмасыз жана Колдонуучунун мурда берилген макулдугуна (акцепти) ылайык көбөйтүшүнө макул болот.

**5. Тутумду колдонууга чектөөлөр (өзгөчөлүктөр)**

5.1. Келишимдин ушул 5-бөлүмүндө саналган Тутумду колдонууга чектөөлөр (өзгөчөлүктөр) Тутумду колдонуу кызматын талаптагыдай эмес көрсөтүү кырдаалы болуп саналбайт жана Колдонуучунун Тарифти төлөөдөн баш тартуусу үчүн негиз болуп эсептелбейт.

5.2. Сунушталчу кызматтардын тизмеги жана Төлөмдөрдүн чектөөлөрү Колдонуучунун индентификациялоо жол-жобосунан өткөндүгүнөн же өтпөгөндүгүнөн көз каранды жана Тутумдун Веб-Сайтына жарыяланат.

5.3. Тутумдун оператору Жабдып туруучулардын же Колдонуучулар үчүн кызматтардын тизмегин чектөөгө укуктуу.

5.4. Оператор өзүнүн каалоосу боюнча бир жолку Төлөмдүн максималдуу суммасын, ошондой эле Төлөмдөрдүн бир суткадагы жана бир айдагы жалпы суммасын айрым Колдонуучулардын, Жабдып туруучулардын пайдасына же Жабдып туруучулардын Кызматтарынын айрым түрлөрү боюнча азайтууга укуктуу.

**6. Тараптардын укуктары жана милдеттери**

6.1. Колдонуучунун милдеттери

6.1.1. Колдонуучу Тутумда катталууда чындыкка туура келген маалыматтарды билдирүүгө милдеттендирилет.

6.1.2. Колдонуучуга Тутумдун Оператору менен өзүнчө келишим түзбөй туруп Тутумдун жардамы аркылуу ишкердик ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө тыюу салынат.

6.1.3. Колдонуучу үчүнчү жактардын Колдонуучунун Кирүү Кодун колдонуу менен төлөөгө Буйрутма түзүүгө аракет кылууну токтотууга жана үчүнчү жактарга Кирүү Коддорун, ошондой эле Төлөм тутуму орнотулган Абоненттик түзүлүштү бербөөгө милдеттүү.

6.1.4. Тутумду колдонууда Колдонуучуга Тутумдун программалык камсыздоосуна жана/же анын кандайдыр бир бөлүгүнө өз күчү же үчүнчү жактарды тартуу менен кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тыюу салынат.

6.1.5. Колдонуучу Тутумдун Операторуна Жеке маалыматтарынын (тагыраак алганда, фалилиясы, аты, атасынын аты, өздүктүгүн ырастаган документтин реквизиттери) өзгөргөндүгү тууралуу Мобилдик тиркемеде же Тутумдун Веб-Сайтында тийиштүү маалыматтарды киргизүү жолу менен өз убагында кабарлоого милдеттүү.

6.1.6. Колдонуучу Тутумду мыйзамга каршы келген максаттарда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган товарларды сатып алуу жана кызматтарды төлөө үчүн колдонбоого милдеттендирилет.

6.1.7. Колдонуучу SIM-картанын жана/же Абоненттик түзүлүштүн жоголгондугу/уурдалгандыгы жөнүндө Тутумдун Операторуна кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү.

6.2. Тутумдун Оператору Келишимдин чегинде төмөнкүлөргө укукту өзүнө калтырат:

6.2.1. Тутумдун, Тутумдун Веб-Сайтынын жана Мобилдик тиркеменин кандай болбосун программалык камсыздоосуна модификациялоо жүргүзүүгө;

6.2.2. Олуттуу бузулуулар, каталар жана үзгүлтүккө учуроолор табылганда, ошондой эле профилактикалык жумуштарды жүргүзүү жана Тутумга санкцияланбаган кирүү учурларынын алдын алуу максатында, Тутумдун иштешин камсыз кылуучу программалык жана/же аппараттык каражаттардын иштөөсүн токтото турууга;

6.2.3. Эгер электрондук капчык боюнча 180 (бир жүз сексен) күндүн ичинде финансылык операциялар жүргүзүлбөсө жана же/ анда акча каражаттары жок болсо, Оператор бир тараптуу тартипте тийиштүү капчыкты жабуу укугун өзүнө калтырат. Оператор 180 (бир жүз сексен) күндүн ичинде финансылык транзакциялар жок болгон учурда бир жылдык тейлөө үчүн Тариф белгилеши мүмкүн. Комиссиянын өлчөмү Оператор тарабынан белгиленет жана Тутумдун Веб-Сайтына жарыяланат.

6.2.4. Эгер Оператор же тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан Колдонуучулардын электрондук капчыктары боюнча шектүү финансылык операциялар фактысы белгиленсе, Оператор

бир тараптуу акцептсиз тартипте тийиштүү чараларды, анын ичинде капчыкты тосмолоо, ал боюнча кандай болбосун шектүү операцияларды жокко чыгаруу, айрым операцияларды жүргүзүүгө тыюу салуу, акча каражаттарын баштапкы менчик ээсине кайтаруу, ошондой эле тергөө жыйынтыктары боюнча тийиштүү капчыкты жабуу укугун өзүндө калтырат.

6.2.5. Тутумдун оператору эгер Тутумду колдонуу Колдонуучу тарабынан Жабдып туруучулардын финансылык коопсуздугуна коркунуч жарата турган болсо же жаратылып жатса, кирүүнү чектөө үчүн техникалык муктаждык жана/же Төлөм тутумунда штаттык эмес абал пайда болсо, ликвиддүүлүк тобокелчилик, насыялык/тутумдук/укуктук/юридикалык тобокелчиликтер пайда болсо Колдонуучунун Тутумду колдонууга кирүүсүнө бир тараптуу тартипте, алдын ала кабар бербестен чектөө коюуга укуктуу.

6.2.6. Тутумдун оператору эгер Колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзам жоболорун, Тутумдун Веб-сайтына жайгаштырылган Келишимдин шарттарын, Тутумдун Шарттарын, байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишимдин шарттарын бузуп жатса, байланыш кызматтарын мыйзамсыз түрдө колдонуп жатса, сертификатталбаган Абоненттик Түзүлүштү жана/же программалык камсыздоону колдонуп жатса, байланыш каражаттарын эксплуатациялоо эрежелерин бузуп жатса, Колдонуучуга SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү, Төлөмдүк тутумдун билдирүүсүн жана/же башка бардык ыкмалар менен жөнөтүү аркылуу кабарлап, Колдонуучунун Тутумду колдонууга кирүүсүнө бир тараптуу тартипте чек коюуга укуктуу.

6.2.7. Тутумдун оператору Колдонуучуга SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү, Төлөмдүк тутумдун билдирүүсүн жана/же башка бардык ыкмалар менен жөнөтүү аркылуу алдын ала кабарлап, Тутумдун ишмердүүлүгүн токтотууга укуктуу.

**7. Тараптардын жоопкерчилиги**

7.1. Ушул Келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар ушул Келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик алат.

7.2. Колдонуучу төлөөгө Буйрутманы туура жол-жоболоштургандыгы, Төлөм жүргүзүү үчүн зарыл болгон реквизиттерди (Колдонуучунун Жабдып туруучу менен келишимдин номери, ал үчүн Колдонуучу төлөп жаткан Жабдып туруучунун кызматынын/товарынын аталышы, ал үчүн төлөм жүргүзүлүп жаткан Жабдып туруучунун кызмат көрсөтүү мезгили, Колдонуучунун өздүк эсебинин номери, Төлөмдүн суммасы ж.б.) көрсөткөндүгү үчүн толук жана милдеттүү жоопкерчилик алат.

7.3. Төлөөгө Буйрутма Тутумдун Оператору Колдонуучудан SIM-картасы жоголгондугу тууралуу арызын алган учурга чейин Колдонуучунун эркин билдирүүнү камтыган Колдонуучудан алынган Буйрутма деп эсептелинет.

7.4. Колдонуучу Тутумдун Операторуна жоголгон SIM-картаны колдонуу жана/же Кирүү Кодун жана/же Абоненттик түзүлүштү өткөрүп берүү менен Тутумдун Оператору Колдонуучудан ал жоголгондугу тууралуу арызын алган учурга чейин жүзөгө ашырылган Төлөмдөрдү кайтаруу жөнүндө талапты коюуга укуктуу эмес.

7.5. Колдонуучу анын Абоненттик номери (же Абоненттик түзүлүшү) аркылуу жасалган, ошондой эле Абоненттик түзүлүштөрдө орнотулган тиркемелердин жана программалардын жардамы менен же анын Мобилдик Тиркемеде же Тутумдун Веб-Сайтында индентификацияланган/аутентификацияланган/авторлоштурулган маалыматтарынын жардамы аркылуу Колдонуучунун атынан жасалган үчүнчү жактардын кандай болбосун кыймыл-аракеттери үчүн тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти алат.

7.6. Колдонуучунун Абоненттик Түзүлүшүнүн, ошондой эле Абоненттик Номери бар SIM-картасынын жоголгон, уурдалган же башка жок болгон учурларда - үчүнчү жактардын ушул Абоненттик номерди/ SIM-картаны колдонуу менен байланышкан үчүнчү жактардын бардык кыймыл-аракеттери үчүн бүткүл тобокелдиктерди жана жооперчиликти Тутум Оператору Колдонуучудан ушул Абоненттик номери/ SIM-картасы жоголгондугу/уурдалганды тууралуу арызын алганга чейин Колдонуучу алат.

7.7. Оператор Колдонуучунун алдында алардын жаралышында Тутумдун Операторунун күнөөсү жок болгон техникалык платформалардын жана транспорттук тармактардын же байланыш түйүндөрүнүн кечигиши жана үзгүлтүккө учурашы үчүн жоопкерчилик албайт.

7.8. Тутумдун Оператору Колдонуучу өзүнүн авторлошкон маалыматынын, аутентификацияланган маалыматтары бар SMSтин мазмунунун, Кирүү Кодунун жана жеке маалыматтарынын үчүнчү жактарга берилишинен жана/же жайылышынан улам Колдонуучу тарткан бардык зыяндар үчүн жоопкерчилик албайт.

7.9. Тутумдун Оператору Жабдып туруучулар тарабынан Колдонуучуга көрсөтүлүп жаткан кызматтардын, жумуштардын, товарлардын сапаты үчүн жоопкерчилик албайт.

**8. Келишимди түзүү тартиби жана мөөнөтү**

8.1. Ушул Келишим Тутум Оператору менен Колдонуучунун ортосунда кошулуу келишиминин формасында (Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 387-беренеси) түзүлөт.

8.2. Колдонуучу Колдонуучунун Абоненттик түзүлүшүндө орнотулган Мобилдик Тиркемеден же Тутумдун Веб-Сайтынан анын шарттары менен таанышкандан кийин Тутумда катталуу жана Келишимдин шарттарын «Тастыктоо» баскычын басуу менен кабыл алып, же Тутумдун Оператору түз көрсөткөн башка кыймыл-аракеттерди жүзөгө ашыруу жолу менен Келишимди акцепт кылат.

8.3. Келишимдин шарттарын акцепт кылуу Тутумдун Колдонуучусу Макулдашуунун бардык шарттарын эч кандай чыгарып салууларсыз жана/же чектөөлөрсүз Тутумду толугу менен жана сөзсүз кабыл алды дегенди түшүндүрөт жана Тутумду колдонуу тууралуу эки тараптуу жазуу түрүндөгү Макулдашууну түзүүгө барабар.

8.4. Келишим белгисиз мөөнөттүн ичинде жана/же Келишимдин шарттарында жана/же КР колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдеринде аныкталган негиздерде бузуу учуруна чейин жарамдуу.

**9. Келишимди өзгөртүү жана бузуу**

9.1. Тутумдун Оператору Келишимге өзгөртүүлөрдү бир тараптуу тартипте Тутумдун Веб-Сайтына өзгөртүүлөрдү жарыялоо жолу аркылуу киргизүүгө укуктуу. Өзгөртүүлөр эгер аларды жарыялоо учурунда күчүнө кирүүнүн башка мөөнөтү кошумча аныкталбаса, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет. Колдонуучу Келишимдин шарттарынын өзгөргөндүгүнө макул эмес болсо, ал Келишимди бузууга укуктуу.

9.2. Колдонуучунун Тутумду Келишимге өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин колдонушу Тараптар тарабынан киргизилген өзгөртүүлөргө макулдук катарында бир беткей түшүндүрүлөт.

9.3. Тутумдун Оператору ушул Келишимди бир тараптуу тартипте Колдонуучуга Келишимди бузууну болжолдоп жаткан датага чейин 10 (он) календардык күндөн кеч эмес алдын ала кабарлоого укуктуу. Тутумдун Оператору Тутумдун каражаттары аркылуу ушундай кабарлоо жөнөтүүгө укуктуу. Келишим көрсөтүлгөн кабарлоо жөнөтүлгөндөн кийин 10 (он) күн өткөндөн кийин бузулду деп эсептелинет.

9.4. Колдонуучу менен Абоненттик Номерди деактивдештирүү жана/же байланыш кызматына келишимди бузуу учурунда – Тутумдун Оператору бир тараптуу тартипте ушул Келишимди бузуу укугуна ээ.

9.5. Колдонуучу ушул Келишимди каалаган учурда Тутумдун Операторуна Келишимди бузууну болжолдоп жаткан датага чейин 10 (он) календардык күндөн кеч эмес кабарлоо жолу аркылуу, Колдонуучуда Тутум Операторунун алдында төлөнбөгөн карызы же анын электрондук капчыгы ушул Келишимде каралган негиздер боюнча тосмолонгон деп саналган учурларды кошпогондо, буузуга укуктуу.

9.6. Келишим ушул Келишимде каралган башка негиздер боюнча жана/же КР колдонуудагы мыйзамдары менен бузулушу мүмкүн.

**10. Жеке маалыматтар менен иштөө**

10.1. Колдонуучу Тутумду колдонуу менен, Тутумдун Оператору тарабынан Колдонуучунун жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, өткөрүп берүүгө, анын ичинде: чогултуу, жаздыруу, тутумдаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңылоо, өзгөртүү), алуу, колдонуу, жекеликсиз кылуу, өткөрүп берүү (таратуу, берүү, кирүү), өчүрүү, жок кылуу аракеттери жүзөгө ашыруу менен Келишимдим жүзөгө ашыруу максатында маркетингдик, жарнамалык кампанияларды/акцияларды, жеке артыкчылыктарынын анализин, аны гана эмес, жүрүм-турум мониторингинин, жекеликсиз жеке

маалыматтардын отчетторунун негизинде статистикалык анализ жана түрдүү багыттагы изилдөөлөрдү өткөрүүгө, ошондой эле Тутумдун оператору тарабынан Колдонуучу менен байланыш өнөктөштөрүнүн sms-сервистерди, электрондук почта, почталык жана телефондук байланыштарды колдонуу аркылуу Тутумдун Операторунун гана ыктыярынра ылайык жеке маалыматтар менен иштөөнүн укуктук жөнгө салуу мыйзамдарына карама-каршы келбеген максаттар үчүн колдонууга эркин жана түшүнүү менен макулдугун бергендигин тастыктайт . Ошондой эле Колдонуучу Келишимдин ушул пунктунда каралган кыймыл-аракеттерди жүзөгө ашыруу максатында, Тутумдун Оператору менен мындай үчүнчү жактардын ортосунда талаптагыдай түзүлгөн келишим бар болгондо өзүнүн жеке маалыматтарын үчүнчү жактарга берүүгө макулугун, ошондой эле Кыргыз Репсубликасынын мыйзамына ылайык, Тутумдун Операторуна ишке ашырылган өткөрүп берүү жөнүндөгү маалыматты кабарлоонун формасын өз алдынча аныктоо укугун берет. Колдонуучу өзүнүн макулдугун Тутумдун Операторуна жазуу түрүндө кайрылуу менен кайтарып алууга укуктуу.

10.2. Тутумдун Оператору Колдонуучунун жеке маалыматтарынын конфиденциалдуулугун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сактоого, ошондой эле аларга бул маалыматтар өткөрүп берилген үчүнчү жактардын сактоосун камсыз кылууга, жеке маалыматтарга мыйзам ченемсиз жана ага кокус кирүүдөн, Колдонуучулардын жеке маалыматтарын жок кылуудан, өзгөртүүдөн, тосмолоодон, көчүрүүдөн, берүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле Колдонуучулардын жеке маалыматтарына карата башка мыйзам ченемсиз кыймыл-аракеттерден коргоо үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрүүгө милдеттендирилет.

## 11. Конфиденциалдуулук

11.1. Тутумдун Оператору Колдонуучунун Тутумду колдонушуна байланыштуу Тутум Операторуна белгилүү болгон Колдонуучу жөнүндө маалыматтарга карата конфиденциалдуулукту, төмөнкү учурларды кошпогондо, сактоого милдеттендирилет, эгер мындай маалымат:

11.1.1. жалпыга жеткиликтүү болуп саналса;

11.1.2. Колдонуучунун талабы боюнча же уруксаты менен ачыкка чыкса;

11.1.3. Тутумдун Катышуучуларына Келишимди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө берүүгө жатса;

11.1.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча ачыккка чыгарууга талап кылынса же кредиттик уюмдардан, соттон же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан тийиштүү суроо-талаптар келип түшкөндө;

11.1.5. Келишимде каралган башка учурларда.

## 12. Форс-мажор

12.1. Эгер аткарбай калуу Келишимди түзгөндөн кийин бир да Тарап алдын ала билбеген, акылга сыярлык чаралар менен алдын ала четтете албаган өзгөчө кырдаал мүнөзүндөгү окуялардын натыйжасында ал жетпеген күчтүн жагдайынын кесепети (форс-мажор) болуп саналса, ар бир Тарап Келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

12.2. Ал келбеген күчтүн жагдайы жаралган Тарап көрсөтүлгөн окуялар болгон күндөн кийинки күндөн кеч эмес бул жөнүндө экинчи Тарапка маалымдоого милдеттүү. Мында Келишимдин иштөө мөөнөтү мындай окуялардын жарамдуу мөнөтүнө, бирок ал келбеген күчтүн жагдайы жаралган күндөн тартып 2 (эки) айдан көп эмес мөөнөткө убактылуу токтотулат, андан кийин ушул Келишим бузулду деп эсептелинет, ал эми Келишим боюнча милдеттер мындай күчтүн таасири токтогондон кийин аткарылышы керек.